**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК
# ПРИКАЗ

09.04.2024 № 548/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

### Орто жалпы билим берүү программаларынын негизинде “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тест түрүндө өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2024-жылдын 14-мартындагы № 404/1 буйругу менен бекитилген Орто жалпы билим берүүнүн билим берүү программалары боюнча “Алтын тамга“ жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тест түрүндө өткөрүү жөнүндө жобого ылайык, республиканын жалпы билим берүү уюмдарынын артыкчылык аттестатын алууга талапкер 11-классынын бүтүрүүчүлөрү үчүн билим берүүнүн орто жалпы билим берүү программалары боюнча жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тест түрүндө өткөрүү максатында **буйрук кылам**:

1. Жалпы билим берүү программалары боюнча “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тести 2024-жылдын 14-майында төмөнкү предметтер боюнча өткөрүлсүн:
- Эне-тили жана адабияты (кыргыз, орус жана өзбек тили);
- Математика;
- Кыргызстандын тарыхы;
- Химия.

2. Бекитилсин:
- Тест өткөрүүнүн чыгымдарынын сметасы 1-тиркемеге ылайык;
- Техникалык тапшырма 2-тиркемеге ылайык;
- Республикалык усулдук комиссиянын курамы 3-тиркемеге ылайык;
- Талапкерлердин тизмесин түзүү боюнча өтүнмөнүн формасы 4-тиркемеге ылайык;
- Экзамендик комиссиянын курамы 5-тиркемеге ылайык.

3. 2024-жылдын 13-майы тестирлөөнү өткөрүү жайларында даярдык көрүү күнү деп аныкталсын.

4. Мектептик, мектептен тышкары жана кошумча билим берүү башкармалыгы (Жапаров А.Д.) “Алтын тамга” жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестациясын стандартташтырылган бланкалык тест түрүндө өткөрүүнү көзөмөлдөсүн.

5. Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинин, Ош шаардык билим берүү башкармалыгынын, райондук /шаардык билим берүү бөлүмдөрүнүн, бардык түрдөгү менчигинин формасына карабастан жалпы билим берүү уюмдарынын жетекчилери:

- 11- класстын бүтүрүүчүлөрүнүн артыкчылык аттестатына талапкерлеринин тизмеси 2024-жылдын 22-апрелинен кечиктирбей e-mail: altyntamga24@gmail.com электрондук дарегине жөнөтүшсүн;
- «Алтын тамга» тести үчүн билим берүү уюмдары 50 дөн 70 ке чейин окуучуну камтый турган (жыйын же спорт залдары) жайларды жана ар бир талапкерге жеке орундарды ж.у.с. даярдашсын;
- жалпы билим берүү уюмдарында “Алтын тамга” тесттин өткөрүү процедуралары жана мөөнөттөрү жөнүндө окуучуларга жана алардын ата-энелерине (мыйзамдуу өкүлдөрүнө) өз убагында маалыматтарды жеткиришсин;
- окуучулардын өмүрүнүн жана ден - соолугунун коопсуздугуна шарт түзүүнү (медициналык кызматкерлердин жана коопсуздук кызматынын кезектерин күчөтүү, тест өтүүчү жайлардын өрткө каршы коопсуздугу, санитардык-гигиеналык шарттарды) талапка ылайык камсыз кылсын.

6. Сметада каралган каражатты Бюджеттик саясат жана финансылык анализ башкармалыгы (А.Баймуратова) бөлүп берсин.

7. Инвестициялар, мамлекеттик – жеке өнөктөштүк, мамлекеттик сатып алуулар жана инфраструктура башкармалыгы (Т.А. Дуйшеев) Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын негизинде сатып алууларды өткөрсүн.

8. Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук бөлүмү (Б.Мураталиева) сметага ылайык тиешелүү каражатты төлөп берсин.

9. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары М.У. Касымалиевге жүктөлсүн.

**О проведении итоговой государственной аттестации «Алтын Тамга» в форме стандартизированного бланочного теста по программе среднего общего образования**

В соответствии с Положением о проведении итоговой государственной аттестации по образовательной программе среднего общего образования в

форме стандартизированного бланочного тестирования «Алтын тамга», утвержденного приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 14 марта 2024 года № 404/1 и в целях проведения итоговой государственной аттестации для выпускников 11-х классов общеобразовательных организаций республики, претендующих на получение аттестата с отличием, **приказываю:**

1. Провести итоговую государственную аттестацию «Алтын тамга» по общеобразовательным программам в форме стандартизированного теста «Алтын тамга» 14 мая 2024 года по следующим предметам:

- Родной язык и литература (кыргызский, русский и узбекский языки);
- Математика;
- История Кыргызстана;
- Химия.

2. Утвердить:

- Смету расходов согласно приложения 1;
- Техническое задание согласно приложения 2;
- Состав Республиканской методической комиссии согласно приложения 3.
- Форму заявки согласно приложения 4;
- Состав экзаменационной комиссии согласно приложения 5.

3. Днем подготовки пунктов проведения тестирования определить – 13 мая 2024 года.

4. Управлению школьного, внешкольного и дополнительного образования (Жапаров А.Д.) обеспечить контроль за проведением теста «Алтын Тамга».

5. Руководителям Департамента образования мэрии города Бишкек и Управления образования г. Ош, районных/городских отделов образования и общеобразовательных организаций независимо от их формы собственности:

- направить список претендентов на получение аттестата с отличием не позднее 22 апреля 2024 года на электронную почту: altyntamga24@gmail.com;
- предусмотреть для проведения теста «Алтын тамга» в общеобразовательных организациях классы (конференц - или спортивные залы) вместимостью от 50 до 70 учащихся с обеспечением отдельных мест для каждого участника и т. д.;
- своевременно информировать учащихся и их родителей (законных представителей) о порядке и условиях проведения теста «Алтын тамга»;
- обеспечить условия для безопасности жизни и здоровья учащихся (усиление дежурств медицинских работников и служб безопасности, создание в пунктах проведения пожарной безопасности и санитарных условий).

6. Управлению бюджетной политики, финансового анализа (Баймуратова А. А.) выделить средства, предусмотренные в смете расходов.
7. Управлению инвестиций, государственно – частного партнерства, государственных закупок и инфраструктуры (Т.А.Дуйшеев) провести закупку услуг в соответствии с Законом Кыргызской Республики "О государственных закупках".
8. Отделу бухгалтерского учета и отчетности (Б. Мураталиева) выплатить соответствующие средства согласно утвержденной смете.
9. Контроль за исполнением настоящего приказа возложить на заместителя министра М.У. Касымалиева.

**Министр** **Д. Ш. Кендирбаева**

КАНЦЕЛЯРИЯ

Кочурмосу туура
09.04.2024ж

Кыргыз Республикасынын

Билим берүү жана илим

министрлигинин

2024-жылдын "09.04"

№ 548/1 буйругунун

4-тиркемеси

**Жооптордун формасын толтурууга талаптар жана нускама**

*Окуучунун аты-жөнүң БАСМА БАШ ТАМГАЛАР менен толтургула!*

*Файлды атап жөнөтүңүз.*

*Таблицаны толтуруп КР ББИМ буйругундагы мөөнөткө чейин жөнөтүңүз.*

*Окуучунун аты-жөнүң паспорту боюнча, кыскартуусуз толтуруңуз!*

КАНЦЕЛЯРИЯ

" АЛТЫН ТАМГА-2024" ТАЛАПКЕРЛЕРИНИН ТИЗМЕСИНИН ФОРМАСЫ
(EXCELL формасында гана кабыл алынат)

| № | ОБЛАСТЫ | РАЙОНУ/ШААРЫ | МЕКТЕБИ | АТЫ ЖӨНҮ | ОКУТУУ ТИЛИ |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | БИШКЕК | БИШКЕК ШААРЫ | ААЛЫ ТОКОМБАЕВ АТЫНДАГЫ №24 ГИМНАЗИЯ МЕКТЕБИ | АСАНОВ АСАН А[illegible]АНОВИЧ | ОРУС |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |
| 4 | | | | | |
| 5 | | | | | |
| 6 | | | | | |
| 7 | | | | | |
| 8 | | | | | |
| 9 | | | | | |
| 10 | | | | | |
| 11 | | | | | |
| 12 | | | | | |
| 13 | | | | | |
| 14 | | | | | |